**Биримкул атындагы орто мектеби**

1. ***Биримкул атындагы жалпы орто билим берүү мекемесинин миссиясы:***

Жалпы билим берүүчү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген жана алган билимдерин пайдалана алган, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.

2. ***Мектепти өнүктүрүүдөгү 5 жылдык стратегиялык планы***

I. **Стратегиялык максаты: Окуу-тарбиялык.**

Мектеп окуучуларга мамлекеттин талаптарына дал келе тургандай сапаттуу билимди жана тарбияны камсыз кылуу. Бул максатта бардык педагогикалык процесс, окуучулардын сабак менен сабактан тышкаркы учурдагы ишмердүүлүктөрү айкалышуу менен камтылат :

- ✓ Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу
- ✓ Окуучуларды предметтик ийримдерге, спорттук секцияларга, класстан тышкаркы иштерди уюштурууга активдүү катыштыруу
- ✓ Улуттук маданияттын баалуулуктарын жана тарыхын үйрөтүүнүн негизинде ар бир окуучунун инсандык жактан өнүгүүсүнө комплекстүү шарттарды түзүү.
- ✓ Окуучулардын билим сапатын, тарбиясын жакшыртуу максатында ата-эне менен мектептин кызматташуусун чындоо

**II.Стратегиялык максаты**. Мектептин окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо.

- ✓ Квалификациясын жогорулатуучу курстарынан өткөрүү
- ✓ Алдынкы иш тажрыйбаны жайылтуу
- ✓ Башталгыч, негизги жана орто билим блокторунун ортосунда жетишүүнүн эффективдүү механизмин иштеп чыгуу.
- ✓ Спорттук инвентарлар менен камсыз кылуу
- ✓ Китепкананын китеп фондун жаныртуу, толуктоо
- ✓ Окуу кабинеттерин жабдуу, жаныртуу
- ✓ Компьютер,принтер-ксерокс,интерактивдуу доска менен камсыз кылуу,видеокамера орнотуу
- ✓ Көмөкчү чарбаны өнүктүрүү

III. **Стратегиялык максат.**

Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү системалар ортосунда тыгыз байланыш түзүү менен жогорку класстын окуучуларын кесиптик билим берүүгө өткөрүү.

**Мектеп директору: Кытаева С.Т**